Баасы келишимдик баада

ЖАЛАЛ-АБАД АКК

Октябрь 2020-жыл №9 (212)

Биздин сунуш - сизге киреше!

# Белес

Жалал-Абад Айылдык Консультациялык кызматтын гезити





# Активдүү айымдарга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү



***Жалал-Абад облусуна караштуу Кочкор-Ата шаарында 20-22-октябрда “Активдүү Аялдар – Өзгөрүүгө өбөлгө” долбоорунун алкагында сынактык негизде тандалып алынган 20 кыз-келиндерге 3 күндүк семинар болуп өттү.***

***Тандалып алынган активист аялдар Жалал-Абад жана Ош облустарынан келишкен.***

**СЕМИНАРДЫН МАКСАТЫ:**

Элеттик аялдардын лидерлик сапаттарын жогорулатуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-чараларына активдүү катышып, социалдык экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуусуна өбөлгө түзүү.

***Катышуучуларга төмөндөгүдөй темаларда тренингдер өтүлдү:***

- Гендердик теңчилик;
- Риторика;
- Лидерлик;
- Коммуникация;
- Айылды Биргеликте Баалоо.

Айылды Биргеликте Баалоону практика жүзүндө Ноокен районунун Шайдан Айыл аймагындагы айылдарда жүргүзүп, катышуучулар өздөрүнө билим-шык артырышты.

Айылдагы көйгөйлөрдү аныктап алуу үчүн өздөрүнө тажрыйба болду.

Семинардан кийин активист айымдар өз Айыл өкмөтүнө барып, айылда жыйналыш өткөрүп, өз ара жардамдашуу топторун түзүп, аларга өздөрүнүн алган билимдери менен бөлүшүү пландалды.

***Насипа МАМАСАЛИЕВА***









**2-бет** Азыктарды сактоо...



**3-бет** "Санарип аймак"...



**4-бет** СПАлардын иши ...



**5-бет** Уникалдуу долбоор...



**6-бет** Эчкинин сүтү ...



IFOAM ORGANICS INTERNATIONAL
БиоСервис
Жалал-Абад АКК



Ден соолук бурчу

# Азыктарды жаңы түрдө сактоонун ыкмалары

- ▲Сактоочу жайды дайыма бирдей температурада 1-5⁰С тегерегинде кармоо керек.
- ▲Абанын салыштырма нымдуулугу 80-90% түзүү керек. Бөлмөнүн түндүгү жарыгы жок, коридор, кире бериши 2⁰Сдан түшпөшү керек.
- ▲Жер төлөдө;
- ▲Траншеяда/ороодо;
- ▲Жөөктө;
- ▲Муздаткычта.

***Мөмө-жемиштерди жана жашылчаларды узак убакытка сактоонун негизги эрежелери.***

Эч кандай механикалык урундуга учурабаган мөмөлөр жана жашылчалар гана сактоого жарайт.

Мөмөлөрдүн жана жашылчалардын ар бир түрү өз-өзүнчө сакталышы керек. Пияз, сарымсак, сабиз, кызылча, картошка ж.б. тамыры жемиштүүлөрдү бирге сактоого болот. Сактоо учурунда азыктардын бардык түрлөрү үчүн оптималдуу температура, салыштырма нымдуулук мүмкүн болушунча бирдей абалда сакталышы шарт.

Сактоочу жайдын температурасын текшерип туруу үчүн термометр колдонулат. Эгерде термометр жок болсо төмөнкү ыкманы колдонсо болот. Сактоочу жайда көрүнөө жерде идишке суу куюп коюп, байкап жүрүү керек. Өзгөчө катуу суук түшкөн маалда. Идиште суу тоңуп кала турган болсо сактоочу жайды жылуулоо керек, азыктарды кошумча одеалдар, төшөк, кийиздер менен жаап коюу керек. Эгерде сактоочу жай кургап кете турган болсо суу чачып, полго нымдуу опилканы төшөп же идишке суу куюп коюу керек. Сактоодо турган азыктардан тез-тез кабар алып, чирип бара жаткандары же кургагандары болсо өз учурунда алып таштоо керек.



***Жер төлөдө бири-бирине дал келбеген мөмөлөрдү сактоонун шарттары.***

Жер төлөнү куруу убагында кээ бир жашылчалар жана жемиштерди биргеликте сактоого болбостугун эске алуу керек, мындайча айтканда бөлөк сактоо зарыл.

Жашылчалардын жана жемиштердин түрлөрүн биргеликте сактоодо алардын сактоо шарттары дал келиши керек. Мисалы: сарымсак менен пиязды, картошка менен кызылчаны биргеликте сактоого болот. Алманы картошка жана сабиз менен биргеликте сактоого сунушталбайт. Алмадан бөлүнүп чыккан этилен газы, картошканын өнүп, тамырлануусуна алып келет. Өз кезегинде алмада, жыттарды өзүнө кабыл алуу касиетинин негизинде, жагымсыз даам пайда болушу мүмкүн.





Бул маселени чечүү үчүн азык-түлүктүн түрлөрүнө жараша жер төлө куруу керек же жер төлөнү экиге бөлүү керек. Бөлүнгөн бөлмөлөрдүн тыгыз жабыла турган эшиги жана өз алдынча иштөөчү вентиляциясы болушу зарыл.

# Картошканы сактоо

**ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШТЕРДИ ТУУРА САКТАЙ БИЛҮҮ КЕРЕК. ЭГЕР ТУУРА ЭМЕС САКТАСАҢЫЗ УУЛАНЫП КАЛУУ КОРКУНУЧУ БАР!**



Картошкаңыз жазга чейин жетсин десеңиз, ал сакталуучу жайды туура даярдап алууңуз керек. Эгер сиз жер тамда жашасаңыз, анда жер төлөдө же ороодо сактаганыңыз туура.

**Ороо –** 1-2 метр тереңдикте казылган оюк. Анын оозу жагы кууш, түбү кененирээк болот. Үстүнөн суу өтпөгөндөй темир менен жабылып, анын үстүнө саман, анан топурак төгүлүп коюлат. Ороого салаардан мурда картошканы кургак жана күн тийбеген жерде кургатып алыңыз. Андан кийин сорттоп, үрөндүк картошканы 5-10 күн күнгө жаюу керек. Себеби бул процесстен пайда болгон уулуу зат – соланин (кабыгынын жашыл түскө келиши) курт-кумурскалардан сактайт. Бирок мындай картошка жегенге жараксыз!

Картошка үчүн жер төлөдө жылуулук 2-4, үрөндүк картошкалар үчүн 1-3 градус туура келет. Ашыкча нымдуулуктан сактоо үчүн жер төлөгө же ороого акиташ салынган чака коюп койсоңуз болот. Ал нымды соруп алуу касиетине ээ. Андан тышкары шагыл, майда таштарды да төгүп коюңуз.

***Сиз көп кабаттуу үйдө жашайсызбы?***

Анда картошканы көпчүлүк эле жашоочулар катары жер төлөдө сактайсыз.

Бирок суу түтүктөрүнөн чыккан аба температураны жогорулатып жибериши мүмкүн.

Андыктан бир чака муздак сууну такай коюп коюуну унутпаңыз. Ал эми аз өлчөмдөгү картошканы жыгач жашикке салып, балкондо сактасаңыз болот. Анын үстүнө кызыл кызылча тизип койсоңуз, ашыкча нымдуулукту соруп, картошканын узакка сакталышына кошумча шарт түзүлөт.

Кыш чилдесинде үстүн жылуулап жаап коюу кажет. Майда картошкалар чоң картошкаларга караганда көпкө сакталат. Андыктан чоң көлөмдөгү картошкаларды эртерээк тамакка колдонуңуз.

Аны бир аз ачылган терезенин түбүндө кармоо кажет. Өнүп кетпеши үчүн арасына жалбыздын кургак жалбырактарын салып коюңуз.

***ЭСКЕРТҮҮ:***

**Картошка эрежеси менен сактоого коюлбаса, чириген картошкадан метан газы бөлүнүп чыгып, ууланууга дуушар болушуңуз ыктымал!!!**

## Пайдалуу кеңештер

Сабиз, кызыл кызылчанын жана түрптүн ар бирөөнөн 200 гр ширелерин сыгып алып аралаштырат да, кара түстөгү бөтөлкөгө куят. Аны пробка менен бош жабат. Бөтөлкөнүн сыртын камыр менен жука жаап 3 саат духовкага кайнатат. Муну күнүгө 3 маал, ачкарын 1 чоң кашыктан ичет. Дарылануу мөөнөтү 2-3 ай. Бир чай кашык балды бир стакан сүткө аралаштырып, күнүнө үч маал бир ай ичиш керек.



Алы кетип, тамакка табити тартпаса 4-5 күн катары менен бир даана түрптү кыргычтан өткөрүп жеш керек. Артынан дайыма бир чоң кашык сууну ууртап койсо болот.

*************************

Каакым элдик медицинада кеңири колдонулуп жүргөн өсүмдүктөрдүн бири. Бул өсүмдүктө калий, магний, жез, темир жана А, С, В витаминдери бар.

Каакымдын жакшы бышкан мезгили май айы. Анын гүлүн, сабагын, жалбырагын, тамырын баарын бирдей пайдаланса болот.

- ➤Гүлүнөн кыям, шире, дарылык жана арыктоо үчүн тундурма жасалат.
- ➤Жалбырагын, сабагын башка жашылчаларга кошуп салат жасап, ошондой эле шорпого кошуп жесе да болот. Колдонуудан мурда туздуу сууга чайкап алуу керек.
- ➤Тамырынан кофенин ордун баса турчу чай даярдоого мүмкүн.



Каакымдын тамырын апрелдин аягында же август айында чогултуу пайдалуу.

***Ден соолукка тийгизген таасири:***

- ➤Табитти ачып, зат алмашууларды жакшыртат.
- ➤Организмден токсиндерди чыгарып, тазалайт.
- ➤Нерв системасын бекемдейт, өнөкөт чарчоонун алдын алат.
- ➤Сөөк жана тери ооруларын айыктырат.
- ➤Курт-кумурскалар чагып алса, уусун чыгарууга миңдин бири.
- ➤Ич катуу ооруларына тийгизген пайдасы зор.
- ➤Тери жана муун ооруларына табылгыс дарылардын бири.
- ➤Паразиттердин алдын алат.
- ➤Гемоглобинди жогорулатат.

***Интернет.***

Европа Биримдиги менен биргеликте каржыланат
германия кызматташтыгы DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT
Аткаруучу: giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH
Жалал-Абад АКК

# «САНАРИП АЙМАК» автоматташтырылган система





**_КР Өкмөтү тарабынан ишке ашырылып жаткан «Санарип аймак» системасын айыл аймактарында колдонууну Жалал-Абад облусуна караштуу Сузак районунда 4 Айыл аймакта «Тараптардын диалогу жана кызматташуусу аркылуу айылдык жамааттарды туруктуу өнүктүрүү» долбоору колдоодо. Бул система боюнча Багыш айыл өкмөтүндө элге жыйналыш өткөрүлүп, түшүндүрүлдү._**



Бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн системалар иштелип чыкты, бирок алар иштеп кете алган жок. Айыл аймагын башкарууда пайдалануучу маалыматтардын топтомунун сапаты бир топ төмөндөп кетти. Калкка кызмат көрсөтүүдө айыл өкмөтү тарабынан берилүүчү маалым каттардын тактыгы, маалыматтар сапатынан көз каранды болгондуктан бул көйгөйлөр өз учурунда сапаттуу кызмат көрсөтүүгө өз таасирин тийгизип жатат. Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы (Жалал-Абад АКК) атайын долбоорлордун жардамы менен Ош, Баткен, Чүй облустарынан 7 пилоттук айыл өкмөттөр менен кызматташып, айыл өкмөт кызматкерлеринин сунуштарынын негизинде «Аймак» башкаруу системасын иштеп чыгып КР Өкмөтүнө сунуштаганбыз. Бул долбоор ийгиликтүү ишке ашып, 2020-жыл «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жана балдарды коргоо» жылынын алкагында «Инфоком» мамлекеттик ишканасы «Санарип аймак» системасын иштеп чыгып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына орнотуу, окутуу жана ишке ашыруу иштерин улантышууда.

***Алтынбек МАМАДАЛИ уулу,***
***«Санарип аймак» системасын жүзөгө ашыруу боюнча эксперт-адис (специалист по ЭСУ)***



Жалал-Абад АКК
FSDS

**_"Жашылча бакчама суктангандар көп болду", - деп сөзүн баштаган Ала-Бука районунун Кашкалак айылынын тургуну Эгембердиева Бусалима эже парникте жашылчалардын көчөттөрүн өстүрүп сатып, өзү да огородунда өстүрүп жатканын баса белгиледи._**

# Жашылчаларды өстүрүп жашарамын



Бусалима эже өзүнүн кантип ийгиликке жетишкени жөнүндө айтып берди: "Башында парникте жашылча өстүрүү идеясына коңшум Майрам себеп болгон. Ал мага Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы тарабынан ушундай парниктерди куруп берип жатканын айтты. Эртеси чогулушка бардым. Ал жерде Араббой, Эмил деген консультанттар бизге жалпы маалымат беришти. Анда Ала-Бука районундагы 8 айылында башталган "Туура жана түркүндөштүрүп тамактануу системасын жөнгө салуу" FSDS долбоорунун алкагында парниктерди (моделдүү күнөскана) куруп берип жатканын айтышты. Алар бизге парниктерди куруп берип гана тим болбостон, жашылчаларды өстүрүү, аларды оорулар жана зыянкечтерден коргоо, ошону менен бирге туура тамактануу боюнча ар түрдүү сабактарды өтүп беришээрин түшүндүрүштү.

Ошентип айылдагы аялдардан "Жашыл чарба" деген топ түзүштү. Аялдардын катышуусу менен окуулар башталды. Парник жөнүндө аялдар уккан, бирок парникти эч ким кура электиги баса белгиленди. Парниктин түрлөрү, жерин даярдоо, парникте өстүрүлүүчү жашылчалар, алардын сорттору. Көчөт даярдоо технологиялары, көчөттөрдү өстүрүү жана жерге туура отургузуу, суугаруу, зыянкеч жана илдеттер менен күрөшүү, көчөттөрдү асыроо жолдорун окуулардан үйрөндүк. Стаканчаларда помидор, болгар калемпири жана бадыраңдын көчөттөрүн өстүрүүгө киришттим.

Арадан көп өтпөй эле Араббой акеден алынган "Султан" жана "Павлина" помидор үрөндөрүн (10 миң даана) жана "Галлош" сортундагы болгар калемпиринен (2,5 миң даана) сапаттуу жашылча уруктарын парниктин (моделдүү теплица) ичиндеги аянттын жарымына эктик. Калган жарымына окууларда үйрөнгөндөй сууга салып, нымдалган смалак жана жашыл чөптөрдүн уруктарын эктим. Алар да тез эле 7-8 күндө өнүп чыкты.

Эгилген смалак өтө тез өсөт экен (мурда эч эгип көрбөгөн элем) апрель айынын баштарында жалбырактарын жесе боло турган болуп калды. Ошол мезгилде смалак килограмы 50-60 сомдон сатылып жатканын көрдүм. Смалакты коңшуларга бердим жана саттым. Базарда смалакты бардыгы болуп 1000 сомго саттым. Артынан эгилген көчөттөрүмдүн ар бир түбүн 2 сомдон саттым. Көчөттөрүмдү өтө сапаттуу үрөндөрдөн өндүргөнүмдү башка топтордо окуу мезгилинде Араббой аке айткан экен, көпчүлүгүн өзүмдүн айылымдын тургундары сатып алып кетишти, беш миңден ашуун көчөттөрдү Чаткал районундагы тааныштарыма саттым.

Сапаттуу үрөндөрдөн өндүрүлгөн көчөттөрдү сатуу менен бир учурда өзүмдүн огородума да эгип өстүрүп жаттым. Алгач помидордон, кийин болгар калемпиринен түшүм алып баштадым. Элдер парниктен чыгарып эккен көчөттөрүмдү көрүп, бир таң калышса, алардан алган түшүмдөрүмдү көрүп экинчи жолу "таң калышты". Огородума эккен жашылчалардан жалпы 18000 (он сегиз миң) сомдук түшүм алдым. Көчөттөрдөн бардыгы болуп 20 000 (жыйырма миң) сомдук киреше алдым. Июнь айынын биринчи жумасында парниктин ичи бошогондон кийин "Тико" деген бадыраң эгип өстүрдүм. Андан болсо жалпы 4500 (төрт миң беш жүз) сомдук бадыраң саттым. Андан кийин кайра парниктин топурагын жаңылап, кышкы сезонго жашыл чөптөрдөн эгип койдум. Бүгүнкү күндө (октябрдын башында) жашыл чөптөр 2-түшүм берүүнү баштады.

Бардыгы болуп ушул парниктен 25000 (жыйырма беш миң) сомдон ашык нарктагы түшүм алдык. Ал эми кетирген чыгымдарыбыз негизинен үрөн сатып алганыбыз эле болбосо, мээнетибиз эле болду. Орточо алганда күнүнө 1-2 сааттан убакыт жумшадым, бардыгы болуп 3000-4000 ортосунда каражат кетти.

Мен Жалал-Абад АККнын жамаатына өзүмдүн жана үй-бүлөмдүн атынан ыраазычылыгымды билдирем жана ишиңерге ийгилик каалаймын!

***Маектешкен,***
***ЖА АККнын Ала-Бука райондук консультанты,***
***Хасанбай ЖУМАБАЕВ.***

# "Суу келди - Атам мени тур деди"



Абжапар Турдуматов
Базар-Коргон суу чарбасы.
17.08.2020-жыл.

Суу келди - Атам мени тур деди,
Кезек келди сууну бакка бур деди.
Алты саат бак-даракка бөлүнгөн,
Сууну үнөмдөп тез арада кой деди.

Ушул жылы тоодо мөңгү аз деди,
Суу жетишсиз арыгыңды каз деди.
Илгертеден ата-бабаң аткарган,
Бүгүн ашар, тур ашарга бар деди.

Жакшы окуп билимиңди ал деди,
Суучулардын окуусуна бар деди.
Айылыңдын келечегин ойлосоң,
Канал куруп, суу сактагыч сал деди.













Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги

# СПАлардын ишмердүүлүгү

***"Суу ресурстарынын климаттык өзгөрүүсүнө жана табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу" долбоорунун алкагында 4 подпроект иштеп келет. Алар Базар Коргон, Ноокен райондорунда «Правая Ветка», Ноокат районунда «Сапарбаева», Кадамжай районунда «Кожо-Кайыр» жана Сокулук районунда «Осмон» СПАлары.***



Дорбоордун максаты аты айтып тургандай эле, суу ресурстарынын климаттык өзгөрүүсүнө жана табий кырсыктарга туруктуулугун жогорулатып, алардын алдын алууга салым кошуу.

Аталган долбоордун иш-пландарын тактап, биз менен иштешип жаткан СПАлардын ишмердүүлүгүн баалоо максатында административдик-финансылык, институционалдык, эксплуатациялык жана техникалык аспектилери боюнча тиешелүү мүчөлөр менен интервьюлар өткөрүлдү. Андан сырткары ар бир СПАнын фермерлеринин курамы менен фокус-группалардан агроэкономикалык сурамжылоолор жүргүзүлдү.

***Сурамжылоо учурунан «Кожо-Кайыр» подпроектинин фермерлеринен төмөндөгүдөй кыскача баян жана сунуштар болду:***

Биз жер-жерлерде СПАларда Агроэкономикалык жыйынтыктарды жана СПАлардын ишмердүүлүгү боюнча сурамжылоо толтуруу максатында дыйкандарды жана фермерлерди чакырып жыйын өткөрдүк. Жыйында суроо жооптор жана дискуссия жүрүп төмөнкүдөй болду. Дыйкан, фермерлердин көпчүлүгү дыйканчылык тармагына айдалма өсүмдүктөрдү өстүрүү, башкача айтканда, дан, жашылча, жемиш, картошка, техникалык жана май алынуучу өсүмдүктөр жана тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча дагы тренингдер өткөрүлүп турса деген сунуштарын айтышты. Себеби, айыл чарба өсүмдүктөрү коомдун өндүргүч күчтөрүн өркүндөтүүдө зор роль ойнойт. Анткени аларды өстүрүү айыл чарбаны техникалык жактан жабдуу деңгээлин көтөрүү менен азык-түлүктү кайра иштетүүнү шарттайт. Ошондой эле дыйканчылыкка эң баалуу болгон органикалык жана агрохимиялык жер семирткичтер жөнүндө жердин өзгөчөлүгүнө жана табигый-климаттык шарттарга жараша семинарларды уюштурууну суранышты. Фермерлер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары инвестицияларды тартуу менен чарбалардагы сугат системасын модернизациялоого (реабилитациялоого) абдан кызыктар. Дыйкандар эгиндин түрлөрүнө жараша сугаруунун нормасы жөнүндө окууларды уюштурууну айтышты. СПА кызматкерлери дагы каналдагы сууларды жаны технология менен сууларды өлчөөнү жана суунун эсебин алуу жөнүндө жана СПАнын ишмердүүлүгү боюча семинарларды өткөрүүнү сурашты.

Ал эми Ноокат районундагы “Сапарбаев” подпроектиндеги Мөлтүр-Суу, Абшыр-Таңы жана Төөлөс-Ноокат СПАларында да кызуу иштер жүргүзүлдү. Агроэкономикалык сурамжылоо жогорку деңгээлдеги катышуу менен фокус-группалар өткөрүлдү. "Сапарбаев" 1, 2 каналдары боюнча 5 жылдык маалыматтар (суунун көлөмү, эгиндин түшүмдүүлүгү жана сугат жерлери) боюнча маалыматтар такталды.

Ошол эле 3 СПАда СПАлардын ишмердүүлүгүн баалоо максатында сурамжылоолор жүргүзүлдү жана анализ жүргүзүү үчүн маалыматтык база формага түшүрүлдү. Андан сырткары СПАны колдоо жана башка иштер такай жүрүп жатат.

Чүй облусунун, Сокулук районундагы Карагул-Ата, Ак-Бешим-Суу жана Фи-Лун СПАларында да иштер өз тартибинде кетип жатат. «Осмон» каналына караштуу Ак-Бешим-Суу жана Фи-Лун СПалары иштебей калгандыктан, аларды кайра иштетүү демилгеси менен алгылыктуу сүйлөшүүлөр, иштер жүрүп жатат. Албетте өлкөдөгү акыркы кырдаал, пандемия бизге да өз таасирин тийгизбей койгон жок. Бирок жер-жерлердеги биздин консультанттар, СПАдагы өз жумушун сүйгөн жарандар бардык тапшырмаларды, пландарды өз убагында, кечиктирбей аткарууга жан үрөп аракет кылышууда.

Жогорудагы аталган иш-чаралар Базар-Коргон, Ноокен райондоруна караштуу “Правая Ветка” каналында жайгашкан 8 СПАда да жогорку деңгээлде аткарылды. Андан сырткары СПАлардын директорлору менен биргеликте 8-12-октябрга чейин келерки 2021-жылга карата СПАлардын ички каналдарын, гидротехникалык курулмаларын, гидропостторун жана көпүрө-өтмөлөрүн оңдоо, тазалоо боюнча ички каналдарга план түзүп сметалык наркы эсептеп чыгарылды. Ошондой эле ашар жолу менен СПАларда канча км канал тазаланат ал дагы эсепке кирди. Ошолордун негизинде 2020-жылдын күз айларына жана 2021-жылдын жаз айларына план-график жасап чыгып, техника жана ашарга адам ресурстарын эсептеп чыгарып, Райондук суу чарба башкармасынын башчысына бекиттирип, райондун Акими менен макулдашуулар болду.

***АЛИМБЕК кызы Жийдегүл***

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ЖАНА ТАМАК-АШТЫ ЖАКШЫРТУУ ДОЛБООРУ

ЖАЛАЛ-АБАД АКК







***«Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу» долбоору ийгиликтүү аяктап, жыйынтыктоочу семинар болуп өттү.***

# ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ СЕМИНАР – УНИКАЛДУУ ДОЛБООР







***Семинардын максаты:***

Түштүк региондо өз ара жардамдашуу топторуна (ӨЖТ) колдоо көрсөтүү максатында туура тамактанууга багытталган 3 жыл аралыгында жашылча өстүрүүдөгү окуулардын, алдыңкы тажрыйбалардын жана талаа күндөрдүн жыйынтыктары боюнча маалымат берүү жана долбоорду жыйынтыктоо.

Мында Суу ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин 3-компонентинин координатору Апасов Рысбек Туңгучбаевич сөз алып, долбоордун максаттарын, андагы жетишкендиктерин жалпылап айтып кетти: "Долбоордун максаты, элет жериндеги тургундардын толук кандуу тамактануусун жакшыртуу үчүн айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу болуп саналат.

***Долбоордо 3 компонент камтылган:***

**1.Ирригациялык жана дренаждык инфраструктураларды калыбына келтирүү жана модернизациялоо;**

**2.Айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча кеңеш берүү кызматтары;**

**3.Азыктануунун сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралар.**

***Бул уникалдуу долбоор:***

Себеби СПАлар суу пайдалануучуларды суу менен камсыздаса, ал эми үй-бүлөлөрдө аялдардан түзүлгөн өз ара жардамдашуу топтору чакан огороддорунда жашылчалардын 7 түрүн өстүрүп, тамактануусун жакшыртып жатышат. Натыйжада аз кандуулуктун алдын алуу боюнча жакшы шарттар түзүлдү.

ЖА АККнын долбоор боюнча координатору Казбеков Эгемберди Кочкорович, долбоордо аткарылган жумуштарды презентациялап берди. Өзгөчө, жашылчаларды өстүрүү боюнча 15 түр китепчелер жарык көрүп, өз ара жардамдашуу топторунун мүчөлөрүнө тапшырылгандыгы болду. Үй-бүлөлөр чакан жашылча бакчаларына өз колу менен коопсуз жашылчаларды өстүрүп, тамактануусун жакшыртты. Жашылчалардын сапаттуу үрөндөрүн алып, чакан аянттан көп түшүм алган аялдар аябай кубангандыгын белгиледи.

Өнүктүрүү Демилгелеринин Агенттиги Коомдук Фондунун (ОФ АИР) Ош облустук координатору Абдрахманова Бүсайра аткарылган жумуштар, алгач аялдарды мобилизациялап, топторго бириктирүүдө кыйынчылыктар болгондугун, кийинчерээк тамчылатып сугаруу системалар, парник жабдыктары, мөмө-жемиштерди кургатуу боюнча күнөстүү кургаткычтар таркатылган соң, топтон сырткаркы аялдар да өтө кызыгып калгандыгын презентациялап берди.

***Эскерте кетсек:***

Долбоор алкагында жалпы түштүк региону боюнча 4500 фермерлерди камтыган өз ара жардамдашуу топтору түзүлгөн. Аларга жашылчаларды өстүрүүнүн агротехникасы, зыянкеч, илдеттери менен күрөшүүнүн элдик ыкмалары, жашылчаларды өстүрүүдө органикалык жер семирткичтерди колдонуу, үй шартында жашылчаларды коопсуз консервалоо боюнча теориялык-практикалык тренингдерден өтүштү. Тажрыйба алмашуу жана талаа күндөрү өткөрүлүп, натыйжада көпчүлүк элдин кызыгуусун арттырды. Эмдиги жылы өз жашылча бакчамда органикалык жол менен жашылча өстүрүп, үй-бүлөмдүн тамактануусун жакшыртам деген адамдардын саны өстү.

СПАлардын жетекчилери, айыл өкмөт башчылары жана орун басарлары, өз ара жардамдашуу топторунун активисттери сунуштарын айтышты. Дыйкандар чыгаша, кирешени эсептөөнү үйрөнүштү. Жашылчалардын даамы базардагыга караганда өзгөчө даамдуу, натуралдуу. Азык-түлүктөрүн сатып жегенден сырткары 50 миңден ашык пайда көрдүм деп, ыраазычылык билдирген үй-бүлөлөр да болду.

Семинардын аягында долбоордун ийгиликтүү аткарылышына өзгөчө салым кошкон консультанттарга Жалал-Абад АКК тарабынан ыраазычылык каттар тапшырылды.

Долбоор Жалал-Абад, Ош жана Баткен облустарында жүзөгө ашты.

***Мөөнөтү:*** 2018-2020-жж.

Семинар санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо менен өттү. Долбоор Суу ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги, Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы (ЖА АКК), Өнүктүрүү Демилгелеринин Агенттиги Коомдук Фонду (ОФ АИР) менен биргеликте жүзөгө ашырылды.

Семинарды Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы өткөрдү.









***Жалпы долбоор менен иштешип, билим алган фермерлердин 70%нын тамак-ашы жакшырды, билими жогорулады.***

***3 жыл ичинде 250 өз ара жардамдашуу (ӨЖТ) түзүлүп, 4500 фермер камтылды.***

2018-ж. – 116 ӨЖТ - 2328 фермер
2019-ж. – 76 ӨЖТ - 1395 фермер
2020-ж. – 41 ӨЖТ түзүлүп - 777 фермер камтылган.
***Жалпы:*** – 13989 тренинг өтүлгөн.

***Фермерлерге өтүлгөн тренингдерде жашылчалардын 7 түрү боюнча китепчелер берилди.***

2018-ж. – 2328 фермерге-16296 даана.
2019-ж. – 1395 фермерге-9765 даана.
2020-ж. – 777 фермерге- 5439 даана берилди.
**Жалпы** – 4500 фермерге- 31500 даана китепчелер даярдалып, таркатылды.

# Эчкинин сүтү пайдалуу



**Урматтуу окурман! Чакан долбоор жазып, эчки алдым. Айылда топ түзүп, туура тамактануу боюнча аялдарга сабак өттүм. Эчким эгиз тууп Бэмби жана Барби деп атадык. Эчкинин сүтүнүн жагымдуулугу боюнча төмөндө сиздер менен бөлүшүүнү туура көрдүм.**

Эчки сүтү - бул дүйнөдөгү эң белгилүү, пайдалуу сүт азыгы. Дүйнөлүк элдердин 65% эчкинин сүтүн өз жашоосунда кеңири колдонот. Мындай популярдуулуктун бир нече себептери бар...

**ЭЧКИ СҮТҮ БУЛ:**

- Оңой сиңирилет;
- Аллергендүүлүгү төмөн;
- Щелочтуулугу жогору;
- Табийгый гемоген;
- Табияттын эң сонун азыктарынын бири!

**Эчки сүтүнүн азыктануу факторлору:**

- Калориясы – 168 ккал.
- Белок – 10,9 гр.
- Углеводдор – 11 г.
- Натрий– 12 г.
- Канттар– 11 г.
- Каныккан май– 6,5 гр.
- Кальций– 33 гр.

Ошондой эле анын курамында магний, А витамини, В жана С, калий, углеводдор, жез, цинк ж.б. заттар бар.

**СИҢИРҮҮГӨ ОҢОЙ АЗЫК:**

Эчкинин сүтүндөгү май түйүлдүктөрү кичинекей болгондуктан сиңимдүү. Эчкинин сүтүнүн 2%ы гана биздин ашказанга жеткенге чейин быштакка айланат.

Бул уйдун сүтүнө караганда алда канча жакшы. Эчкинин сүтү 20 мүнөт ичинде оңой сиңет. Көпчүлүк адамдарда башка азыктарда лактозанын көп болушунан улам сиңирүү көйгөйү бар, ошондой эле аллергияга жакын. Ал эми эчкинин сүтүнүн курамында лактозанын курамы төмөн жана аллергиясы жок.

**БАЛДАР ҮЧҮН:**

Эчкинин сүтү эненин сүтүнөн кийинки эле орунда турат. Эгерде балага эчкинин сүтүн берип турса, баланын иммунитети жогору жана аллергиясы аз болот.

Балдар түнкүсүн көбүрөөк жана жетиштүү укташат.

**Холестеринди төмөндөтөт жана кальций көп:**

Эчкинин сүтүндө 327 миллиграмм кальций бар, бул организмге жетиштүү деңгээлде. Курамында 30-35% май кислоталары бар, алар организмде энергияны көтөрөт. Чындыгында бул май кислоталары холестеринди төмөндөтүүгө жардам берет жана жүрөк ооруларын жана ичеги-карын ооруларын дарылайт.

**ЭЧКИНИН СҮТҮ СУЛУУЛУКТА:**

Керектүү триглицериддер жана май кислоталары терини нымдап, жумшак кылат. Эчкинин сүтүндө сүт кислотасы бар, ал адамдын өңүн жакшыртат, өлгөн тери клеткаларын кетирет жана териге бирдей өң берет. Көптөгөн косметикалардын курамына эчкинин сүтү кошулуп жасалат.

*Алмаш АЛИШЕРОВА*
*«Тоолуу Агро-Экосистемаларда азыктанууну жакшыртуу» долбоорунун Айылда Кызмат Көрсөтүүчүсү*

# Адистин кеңеши

Акыркы кездерде мал чарба тармагындагы ветеринардык адистердин жетишсиздиги, жеке менчик чарбакердин короосундагы малы ар кандай ылаңдарга учурап, аны дарылоонун жолун билбегендиктен, бөөдө чыгымга учураган жагдайлар арбып баратат. Андыктан «Адистин кеңеши» рубрикабыздан фермерлерге бир катар өз кеңештерибизди берип турууну улантабыз. Бул ирет төл убагында кой арасында кездешип калчу чөп түшпөстүктүн себептери жана анын алдын алуу чаралары тууралуу кеп салабыз.

**Чөп түшпөстүк жана анын алдын алуу**

Чөп түшпөстүк кой төлдөгөндөн кийин 2-4 сааттын ичинде чөбү өзү бөлүнүшү керек. Эгерде ал жатындан белгилүү бир мөөнөттө бөлүнүп түшпөсө, аны патологиялык процесс катары эсептеп, ага жардам көрсөтүү керек.

**Себептери.**

Койдун төлү начар болгондуктан, ошондой эле жатындын ичинде сезгенүү процессинин негизинде анын чел кабыктары жана тондун бириккен жери ажырабагандыктан, төлдөгөндө чөбү кармалып калышы мүмкүн. Мындай абалга ар түрдүү бала салдыруучу жугуштуу ылаңдар, ошондой эле бооз койлорду туура тоюттандырбай, алардын арык, начар болушу себепкер болот.

**Белгиси.**

Жыныс органдарынан чөптүн жарым-жартылайы салаңдап турат. Кээде сыртынан көрүнбөй калган учурлар да болот. Чөп бөлүнбөгөн учурда ал жатындын ичинде чирий баштайт. Ушул мезгилде койдун жалпы абалы начарлап, жем, чөп жебей калат, температурасы көтөрүлөт.



**Алдын алуу жана дарылоо жолдору**

Бооз койлор өзгөчө төлдөөрүнө 1,5-2 ай калганда сиңимдүү тоют менен камсыз кылынып, таза, жылуу жайга багылышы керек. Туугандан кийин жылуу, кургак бөлмөгө которуп, козусун жалатып, аларга жылуу туздуу суу берүү (бир чака сууга 10-15 грамм туз) сунушталат. 2-3 саатка чейин чөбү түшпөгөн койлорго 50-60 грамм кантты жылуу сууга эритип, ичирет. Толгоосун күчөтүү үчүн 0,1 пайыздуу прозериндин эритмесин теринин алдына 2 миллилитр куят. Чөбү түшпөгөн койлорго 100-150 миллилитр сууга эритилип, 2,3-3 грамм магний хлорид ичирүү сунушталат. Эгерде айтылган дарылар бир суткага чейин жардам бербесе, аны кол менен бөлүп чыгат.

Бул максатта сырткы жыныс органдары, чыгып турган чөбү дезинфекциялоочу эритмелер менен туулгандан кийин бурап, толгоосу келип, күчөнгөндө кылдаттык менен сүйөп, тартып алуу керек.

*Даярдаган:*
*Эгемберди КАЗБЕКОВ, ЖА АККнын мал чарбасы боюнча облустук эксперт-адиси*

# Сибирь кулгунасы

**Сибир кулгунасы - курч өтүүчү бактерия козгогон үй жана жапайы жаныбарлардын, адамдардын жугуштуу оорусу. Жаныбарлар бул ылаңга сибир жарасынын споралары менен булганган чөп же башка тоюттарды жеп чалдыгышат.**



▲Ылаңдаган малдардан бөлүнүп чыккан экскреттерде көп сандагы бациллалар болот, кычкылтектин катышуусу менен алар 15-42С температурада споралары пайда кылышат.

▲Сибир жарасынын споралары менен булганган топурактар ж.б. объектилер узак убакытка чейин оорунун козгогучун өткөрүүчү фактор болуп саналат.

**Сибир кулгунасы боюнча Кыргызстандагы абал**

▲Республикада сибир жарасынын 1235 чордону бар. Булардын ичинен 438нин тегереги кармалып тосулган деп катталган. 511 цементтелген жана 457не белгилер коюлган. 532 чордондун гана так орду белгилүү болуп катталган.

▲Ветеринардык адистерге кошумча кыйынчылыкты чордонуну катталбаган жайкы жайыттагы учурлар туудурат.

Оорунун көпчүлүк чордондору (83%) Чүй облусунда жана Ош менен Жалал-Абад облустарында жайгашкан.

**Кыргызстандагы малдардын сибир жарасын көзөмөлдөө боюнча стратегиясы**

➜Сибир жарасынын ар бир чыккан учуру РМВБ жана жергиликтүү бийлик органдарында, андан соң облустук жана республикалык ветеринардык жана медициналык кызмат тарабынан каттоого алынат.

➜Контакт болгон малдарды 2 топко бөлүшөт: ылаңдагандар жана ылаңга шектүүлөр деп. Температурасы жогору болгон малдарды антибиотиктер менен дарылашат, ал эми шектүү малдарды вакциналайт жана 3 күн катары менен күнүнө 2 жолудан текшерип турушат.

➜Бул малдарга кырдаалга жараша антибиотиктер колдонулат.

➜Булганган топуракты дезинфекциялашат, ал эми булганган материалдар, малдын өлүгү өрттөлүп терең көмүлөт. Малдарга, этке жана сүт азыктарына карантин коюлат жана элдерге мындай жерге жүйөлүү себеби жок келүүсүнө тыюу салынат.

**Стратегиянын элементтери**

◄Багыттуу эмдөө үчүн, коркунучтуу зонаны аныктоо.
◄Коркунучтуу зоналарда жыл сайын ооруну кабылдоочу малдарды милдеттүү вакциналоо.
◄Көзөмөлдөөнү жакшыртуу.
◄Өлүктөрдү коопсуз жок кылууга көмөктөшүү.
◄Коомдук маалымдуулукту жогорулатуу.
◄Сектор аралык натыйжалуу кызматташуу.

**Малдарды вакцинациялоо жана дарылоого байланышкан ыкчам иш-чаралар**

▲РМВБ, ЖК, АДК, жеке ветеринарлар жана малдын ээлери менен тыгыз байланышта болуп иш алып барат.

▲Сибир кулгунасына каршы вакцина малдын моюнуна тери астына сайылат. Мал эмделгенден кийин 42 күнгө чейин аны союга болбойт. Малдарды шектүү жайыттарга чыгардан 2-4 жума мурун эмдөө керек.

▲Эгер мал эмделгенге чейин же эмделгенден кийин, 7-10 күн аралыгында антибиотик менен дарыланбаса сибир жарасына каршы эмделген малда 6-12 айга чейин иммунитет сакталып, оорунун жугушунан сактай алат.

▲Азыркы мезгилде Кыргызстанда сибир кулгунасына каршы Россиянын Штамм 55-VNIIVVM вакцинасы колдонулууда. Бодо малдар толук доза менен, ал эми майда малдар жарым доза менен эмделет.

*Эгемберди КАЗБЕКОВ, ЖА АККнын мал чарбасы боюнча облустук эксперт-адиси*

# Ири мүйүздүү малдарды бордоо



### *Бордоо үчүн короо-сарайлардын зоогигиеналык талаптары*

Бордоо – тез жана күчтүү тоюттандырууну камсыз кылуу менен салмагын жогорулатып, семиртип, кошумча пайда алуу. Бордоонун убактысы малдын породасына, ден соолугуна, семиздигине, жашына жана жынысына жараша болот.

Практика көрсөткөндөй, бордоонун мезгили анын жашына түздөн-түз көз каранды. Карыган малдар – 3-5 ай, бир жаштагылары (12 айлык) – 7-9 ай, 1,5-2 жаштагылары – 4-5 ай бордоого коюлат.

**Бордоо – интенсивдүү методдо** 18-20 айлык букаларды багуу менен тирүүлөй салмагын 450-500 кг жеткирүү, же болбосо 8-9 тоют бирдиги 1 кг кошумча салмак алуу үчүн керектейт.

**Аргасыздан бордоо–** фермердик чарбаларда өндүрүмдүүлүгүн жоготкон уйкунаажындар жана букачарлар үчүн пайдаланылат. Себеби, бул малдардан кошумча салмак алып, үй-бүлөлүк кирешени жогорулатуу максатында колдонулат.

**Жайытта айдап багуу** (нагул).

Ири мүйүздүү малдар малчарбасында жогорку даражада же болбосо 60% дүң киреше берүүчү тамак-азыктары катары бааланып келген.

Ири мүйүздүү малдардын баш саны өскөн менен андан алынуучу азык-түлүк (сүт, эт) жылдан-жылга төмөндөп бара жатат. Бүгүнкү күндүн талабы жеке, чакан фермердик чарбалар ири мүйүздүү малдарды багууга жалпы пландуу иш-чараларды туура кабыл алуусу зарыл. Фермердик чарбалардын шартына ылайык 180 күн (кыштоо мезгили, 180 күн жайкы жайытты колдонуу) туура пайдалануу фермер үчүн чоң пайда алып келиши күтүлөт.

Биздин шартка ылайык жайкы жайлоо жайытын май айынан август айына чейин «сентябрь-октябрь» айларында күздүк же болбосо жакынкы жайыттарды багуу менен пайдаланып келүүдө.

Фермердик чарбаларда ири мүйүздүү малдарды анын ичинен саан уйларды жайытка чыгарбай эле багып сааган болгондо сүт да, эт да көп өндүрүлүп, асылдандыруу иш-чаралары талаптагыдай жүргүзүлүп турмак.

Бирок фермердик чарбалардын жер үлүштөрү аз болгондуктан, азыркы шартта бардык фермерлер жайытты колдонуп келүүдө. Негизги айыл чарба ресурстарын пайдаланып, болгон жана мал чарбасынан арзан продукция өндүрүү каражаттарынын бири жайлоо болуп саналат.

Фермерлер малдарды жазгы жайлоо жайытка айдоонун алдында бардык зооветеринардык талаптарды толук аткаруу менен коштолуп жайлоого даярдоо керек.

**1)** Фермердин мүмкүнчүлүгүнө жараша мал жашына жынысына карап жайытка жайгаштырылат.

**2)** Март, апрель айларында – жугуштуу (сибирь кулгунасы, шарп, кара сан) ооруларына каршы толук эмдөөдөн өткөрүү.

**3)** Бруцеллёз оорусунан сактануу максатында кан тапшырылып, (саан уйлар, асыл-тукум букалар) изилденип, таза малдын башы жайлоого айдалууга болот.

**4)** Бардык ири мүйүздүү малдар туберкулёз оорусунан сактануу үчүн жазында толук туберкулинизация болушу керек.

**5)** Малдардын ички фасциолез, диктиокаулез, ичеги курттарына каршы дарылануусу зарыл.

Жогорудагы иш-чаралар толук аткарылгандан кийин ден соолугу таза малдарды жашына жана жынысына жараша өзүнчө топко (гурт) бөлүп, жайлоонун шартына жараша жайгаштыруу керек.

Бордоонун кайсы түрү болбосун негизги көрсөткүч бордолгон малды базарда же сойдуруу жолу менен эттүүлүгүн аныктоо эң биринчи талап.

***Тирүүлөй салмагы –*** бордоого чейинки малдын салмагы.

***Союлган таза эт –*** туштун салмагы – башы, териси, буттары жана ички органдарынан сырткары.

***Союлгандагы эттин чыгышы –*** тирүүлөй салмактан союлган таза эттин карым катнашы процент менен. Малдын эттүүлүгүнө, семиздигине, породасына, жашына жараша 40-62%ге чейин өзгөрүп турат. Илим далилдегендей жаш малдардын этинде чоң малдарга салыштырганда суунун өлчөмү көбүрөөк болот. Ошондуктан фермерлерге 2-3 жаштагы малдарды бордоо сунушталат.

Бордоо мезгилинде фермердин бордоо режими же болбосо канча жолу (кратность) тоюттандыруу графигин бузбай сактоо зарыл экендиги белгиленет.

***БИР КҮНДҮК РАЦИОН***

| № | *Тоюттун түрлөрү* | *Бир баш үчүн берилген кг* | *Тоют бирдиги* | *Сиңимдүү протеин* | *Кант (гр)* | *Кальций (гр)* | *Фосфор (гр)* | *Каротин (мг)* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Талаа чөбү | **5** | **2** | **175** | **240** | **27,5** | **5** | **75** |
| 2 | Буудай саман | **5** | **1** | **40** | **20** | **17** | **2** | **10** |
| 3 | Пахта күнжара | **7** | **8,19** | **2233** | **553** | **19,6** | **65,8** | **7** |
| 4 | Буудай кебек | **2** | **0,9** | **194** | **94** | **4** | **19,2** | **5,2** |
| 5 | Туз | **0,005** | | | | | | |
| 6 | ***Баары*** | | **12** | **2642** | **907** | **68,1** | **92** | **97,2** |

***300 кгдык бодо мал 70 күндүн ичинде 450 кг га чейин семирет.***

# Кыштоого даярдык

***Албетте, адам баласы өзүбүзгө кандай шарттарды жаратсак, малжандыктарга деле ошондой жагымдуу шарттарды түзүп беришибиз шарт. Себеби, корообуздагы мал-жандыктар менен өзүбүз, балдарыбыз дайыма тикеден-тике катышта болуп турушат. Алардын ден соолугуна кам көрүү, өзүбүздүн ден соолугубузга кам көрүү экендигин унутпайлы. Андыктан короо сарайларды дезинцекциялоо туурасында сөз кылмакчыбыз.***



**КОРОО-САРАЙЛАРДЫ КООПСУЗДАНДЫРУУ (ДЕЗИНФЕКЦИЯЛОО).**

*Дезинфекция үчкө бөлүнөт:*

- алдын ала жүргүзүлүүчү (профилактическая);
- учурунда жүргүзүлүүчү (текущая);
- жыйынтыктоочу (заключительная).

▲**Алдын ала жүргүзүлүүчү дезинфекция** (профилактическая) - бардык мал кармалган жайларда 1 жылда эки жолу (жазда, күздө) жүргүзүлөт.

Короо сарайды алдын ала (механическая очистка) механикалык тазалоодон кийин, 10-20% жаңы өчүрүлгөн акиташтын эритмеси жана ысык күлдүн эритмеси, 5% нафтализол жана башка дезинфекциялоочу аралашмаларды 1 литр эритмени 1 м кв аянтка эсеп кылып чачат.

▲**Учурунда жүргүзүлүүчү** (текущая) - жугуштуу ылаң чыкканда 1 литр аралашманы 1 м кв аянтка чачып колдонот.

▲**Жыйынтыктоочу дезинфекция** (заключительная) – карантин (чектөө) бүтөөрдүн алдында жүргүзүлөт.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯГА КОЛДОНУУЧУ КЭЭ БИР МАТЕРИАЛДАРДЫ ДАЯРДОО ЫКМАЛАРЫ.**

▲**Жаңы өчүрүлгөн акиташтан 20 пайыздуу аралашма даярдоо үчүн:**

▲**1 кг өчүрүлбөгөн акиташка, акырындык менен 1 литр суу куюп, өчүрүп, андан кийин 4 литр суу кошуп, аралашманы даярдайт.**

▲**10 пайыздуу аралашма даярдоо үчүн: 1 кг өчүрүлбөгөн акиташка, 1 литр суу өчүрүш үчүн, андан кийин 9 литр сууну кошуп, аралашманы даярдайт.**

▲**Күлдүн аралашмасы** (Зольная щелочь).

1 пайыздуу күлдүн аралашмасын даярдоо үчүн, 10 литр сууга, 3 кг күл кошот. Аны даярдоо үчүн алдын ала сууну кайнатып алат, андан кийин керектүү санда күлдү кошот, 1 саат кайнагандан кийин, тундуруп алып сүзүп алат да, ысык боюнча алдын ала дезинфекцияга колдонот.

***Дезинфекцияга колдонулуучу ветеринардык препараттар:***

- Каустика содасы
- Формалин
- Креолин
- Неоцидол ж.б. тиешелүү инструкциянын негизинде колдонулат.

**ДЕЗИНСЕКЦИЯ**

Курт-кумурскаларды, кенелерди жок кылуу үчүн жүргүзүлөт.

Негизинен түтүн шашкасы (дымовой), 12,5-25% дуст жана ар кандай аэрозолдор колдонулат.

**ДЕРАТИЗАЦИЯ**

Кемирүүчүлөр менен күрөшүү (келемиш, чычкан ж.б.). Негизинен санэпидемстанциянын адистери тарабынан жүргүзүлөт.

***Фермерлер үчүн баалуу сунуш*** – ар бир үй бүлө дезинфекция эмне үчүн керектигин жана аны бир жылда эки жолу (жаз, күз) кээ бир учурларда атайын дагы жасаларын билүүсү зарыл. Адам баласынын жашоосундагы коопсуздукту эске алып үй бүлөлөр үчүн короо сарай – кампалар үчүн 20 пайыздуу акиташ колдонууга болот. Ал эми химикаттар (рацидол, неоцидол, аэрозолдор, түтүн шашкасын (дымовая шашка) жана башка заттарды колдонууда атайын кийим керек, аны адистер жүргүзүүсү зарыл. Өз алдынча пайдаланууга тыюу салынат!

***Эгемберди КАЗБЕКОВ,***
***ЖА АККнын мал чарбасы боюнча облустук эксперт-адиси***

«Жалал-Абад облусунун Ноокен жана Ала-Бука райондорундагы туура тамактанууну жөнгө салуу үчүн жергиликтүү азык-түлүктөрдү өндүрүү системасын колдоо» долбоору

# Иштерман айым Авазкан



**_Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Момбеков айыл өкмөтүнүн Чек айылынын тургуну Турдалиева Авазкан 2018-жылдан бери Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы (ЖА АКК) менен иштешип келет._**

Авазкан ЖА АКК менен «Туура тамактануу» долбоору алкагында иштешип, көп ийгиликтерге жетишти. 2 уул, 2 кыздын энеси, 10 неберенин чоң энеси. Авазкандын жашылча бакчасын көргөн адам суктанбай тура албайт. Жашылча бакчасы көргөн көздүн жоосун алат. Жашылча бакчасына бир даана отоо чөп чыгарбай карайт. Качан барсаң Авазкан жашылча бакчасынын ичинде, же отоп, же чаап, же түшүмүн терип жүргөн болот. Гүлдөрдү да жакшы көрүп өстүрөт.

Ал «Туура тамактануу» долбоору менен иштешип, анын тренингдерине катышып, билимимди арттырдым. Жашылчаларды химикатсыз, таза органикалык жер семирткичтер менен өстүрүүнү, үй-бүлөбүздү таза жашылча менен камсыз кылууну, туура жана пайдалуу тамактануу деген эмне экендигин түшүнүп жеттим. Туура тамактанууда алгач өздүк санитардык-гигиеналык эрежелерге көңүл буруу керектигин, туура тамактануу-да тазалык негизги ролду аткара тургандыгын түшүндүм. Бир күндө канча маал тамактануу керек, эмнелерди жеген пайдалуу, көгөрүп кеткен тамактардын зыяндуулугу, туз, шириндиктин бир күндүк өлчөмү, ботулизм оорусу боюнча кеңири маалыматтар алдым» - дейт.

Авазкан бардык тренингдерден калбай активдүү катышып келди. Долбоор алкагында берилген кулпунай жана малинаны жакшы карап, багып өстүрүп, жакшы түшүм алды. Кулпунайды Кыргыз гумат жана кык менен азыктандырып, күндө терген түшүмдү үзгүлтүксүз дептерге жазып турду. Анын айтымында кулпунай чыгымы жок, көп жумушту талап кылбаган өсүмдүк. Эрте жаздан кеч күзгө чейин бышат. Сугарып, көң салып, түбүн жумшартып койсоң, түшүмдү бере берет экен дейт. Азыркы күндө кулпунайдан көчөт чыгарып огородунун бош жерине отургузуп, кулпунайды көбөйтүп, артканын сатып жаткан учуру. Бир түп көчөттү 5-10 сомдон сатып жатат. «Малинаны да көбөйтөйүн деп жатам, сорту башкача, мөмөсү абдан чоң. Бизде мындай малина жок, мен көргөн эмесмин, кулпунайдай болуп чоң-чоң экен»-дейт.

Авазкан кыштын камын көрүп, малина, кулпунайдан компот, вареньелерди жаап, кышка даярдап койду. Ашканын сатып кошумча киреше тапты. Кулпунайды алгач 130-150 сомдон, кийин 100 сомдон сатып, жалпы кулпунайдан -13 910 сом, көчөт сатып 3000 сом пайда көрдү. Ушундай талыкпаган эмгеги менен башкаларга үлгү болгон Авазкан айымга ийгиликтерди гана каалайбыз!

Долбоор быйыл аяктап жатат, ал долбоордон алган билимдерин мындан ары өркүндөтүп кетээрин белгиледи.

**_Бурмакан КАЧКЫНОВА, ЖА АККнын консультанты_**


IFOAM ORGANICS INTERNATIONAL · БиоСервис · ЖАЛАЛ-АБАД АКК



















# Үй шартында жөжө чыгаруу

**_Нурлан кызы Адина Айылда кызмат көрсөтүүчү. Ал чакан долбоор жазып, сынактан утуп алган жөжө чыгаруучу инкубатор аппараттын акыбетин көрүүдө. Үй шартында инкубатордон жөжө чыгаруу боюнча Ысык-Көл облусунун, Туп районундагы, Сары-Дөбө айылынын тургуну._**

**_Максаты:_** Үй шартында инкубатордон жөжө чыгарып, таза жумуртка жана диетикалык тооктун эти менен топтун мүчөлөрүн камсыздоо. Коопсуз тамак-аш өндүрүү, туура тамактануу аркылуу бакубат, ден соолукта жашоого кам көрүү.

Сары-Дөбө айылында “Тоок багуу» боюнча чакан топ түзүлгөн. Бул топто 16 аял, 5 эркек бар. Топ мүчөлөрү тренингдерге активдүү катышып, туура тамактануу боюнча өздөрүнө көптөгөн маалыматтарды алышты. Долбоор алкагында чакан долбоорду колдоо катары үй шартында жөжө чыгаруучу инкубатор алынган. Инкубатордун сыйымдуулугу бир салганда 400гө жакын жумуртка салынат.

Топтун мүчөлөрү кеңешип, өздөрү ортодон акча чыгарып, дагы кошумча 2 инкубатор сатып алышты. Март айынан бери, жалпы 5566 жумуртка салышты андан 4400 (80%) жөжө чыгарып, топтун ар бир мүчөсү короосунда тоок өстүрө баштышты. Айыл тургундары да эт багытында, жумуртка багытында деп өздөрү каалаган породадагы тооктун жумурткасын алып келип, жөжө чыгартып, тоок багууга өтүштү.

Эксперимент катары Бишкектен бөдөнөнүн да жумурткасын алып келип чыгарып көрүштү. Бөдөнөнүн жумурткасы 18 күндө чыгып, балапандары да тың болот экен. Инкубаторго салган 180 жумуртканын 90% пайызы балапан болуп чыкты.

Туура тамактануунун принциптерин жана тоок багуу боюнча тренингдерди өткөрүп, топтун мүчөлөрү керектүү маалымат менен камсыздалды. Алар алган билимдерин колдонуп, инкубатордон чыгарып алган жөжөлөрдү өлтүрбөй, чоңойтуп жатышат.

Топтун мүчөлөрү өздөрүнөн артканын сатып, туура тамактануунун принциптеринин негизинде үй-бүлөсүнө керектүү азыктарды түркүндөштүрүп сатып алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп алышты. Тренингден жана МААН платформасынан алган ар кандай рецептерди колдонуп, үй-бүлөсүнө тамактын түрлөрүн жасап берүүгө өтүштү.

Жалпы 3 инкубатордон тооктун, бөдөнөнүн 5566 жөжө, балапан чыгарып алышты.

Өздөрүнөн ашканын сатып, ортолук фондго 50 000 сом түшүрүштү. Натыйжасы кошумча алган 2 инкубаторго кетирген каражатты төлөп алышты.

Түп районунун Сары-Дөбө айылындагы мындай саамалык райондун жетекчилигине да жетип, топтун мүчөлөрү менен май айында жолугушту. Алар башка айылдарга да жайылтууну сунуш кылышкан. Топтун мүчөсү Абдылдаев Азамат Ысык-Көл өнүктүрүү фондуна долбоор жазып, 1 000 000 сомдук долбоор колдоого алынып, ишке ашыруу алдында турат.

"Тамактанууну жакшыртууга багытталган айыл чарбасы" долбоорунун алкагындагы “Үй шартында жөжө чыгаруу” чакан долбоорунун көчүрмөсү катары Түп районунун айылдарында фермердик топторго:

а) туура тамактануу боюнча тренингдерди өткөрүү;

б) үй шартында жөжө чыгаруучу инкубатор алууну колдоо;

в) тооккана салууга бир жылдык каникул менен фермерлерге пайызсыз кредит берүү боюнча маселелер планга киргизилди.

Мындай саамалыкты райондун жетекчилиги жана Айыл өкмөт башчылары да колдоого алып, фермердик топторду түзүү, маалымат таратуу боюнча жоопкерчиликти өздөрүнө алышып, жардам катары колдоолорду көрсөтүшөт.

**_Бүажар РАИМКУЛОВА_**
**_“Тоолуу Агро-Экосистемаларда Азыктанууну жакшыртуу” долбоорунун консультанты_**

Белес гезити
Гезиттин ээси: Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы
Башкы редактор: Б.АСАНБЕКОВ
Редактор: Н.МУСАЕВ
Жасалгалаган: Айжамал Махмуд кызы
Күбөлүк № 000630
Нускасы 3300
Гезит 2000-жылдан бери чыгат
Биздин дарек: Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү 10,
тел.:(03722) 5-09-11, факс: 5-01-56, www.rasja.kg E-mail: rasja@rasja.kg
Гезит Жалал-Абад АККнын компьютеринде терилип жана жасалганды.
“ММКны колдоо боюнча борбор” фондунун басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1-б. Буюртма № 1460.